КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 18-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 21-октябрь №76

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин 2026-жыл 17-матындагы №57 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34,39-беренелерине ылайык, "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 19.08.2025-жылдагы № 502 токтомун жетекчиликке алып, айылдык кеңештин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин 2026-жыл 17-матындагы №57 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин.
2. Аталган токтомдун 1-пунктундагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби бир жайга "500(беш жүз)сом" деген цифралар жана сөздөр "1500(бир миң беш жүз)сом" деген цифралар жана сөздөр менен алмаштырылсын.
3. Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте аткарууга алуу, айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
4. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын.
5. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Г. Матажиев**